Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2024-жылдын I чейреги үчүн

# ОТЧЕТ

## 1. Накталай акча жүгүртүү түзүмү

Накталай акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2024-жылдын I чейрегинде 99,7 пайызды түзүп, 2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,1 пайызга азайган (2023-жылдын I чейрегинде накталай акчанын кайтарымдуулугу 100,8 пайызды түзгөн).


**1-таблица.** Накталай акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу кыймылы (млн. сом)

| Региондордун аталышы | Түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023-ж. I чейреги | 2024-ж. I чейреги | 2023-ж. I чейреги | 2024-ж. I чейреги | 2023-ж. I чейреги | 2024-ж. I чейреги |
| **Бардыгы:** | **1 029 198,0** | **1 185 768,6** | **1 021 251,1** | **1 189 789,3** | **100,8** | **99,7** |
| Бишкек шаары | 577 776,8 | 671 490,0 | 565 804,6 | 664 931,9 | 102,1 | 101,0 |
| Ош шаары | 111 099,6 | 123 355,9 | 108 354,4 | 125 024,5 | 102,5 | 98,7 |
| Чүй областы | 82 064,9 | 109 166,0 | 81 689,5 | 110 275,1 | 100,5 | 99,0 |
| Ысык-Көл областы | 44 807,2 | 46 788,2 | 46 122,1 | 48 100,9 | 97,2 | 97,3 |
| Талас областы | 20 259,0 | 23 439,5 | 21 598,4 | 24 750,3 | 93,8 | 94,7 |
| Нарын областы | 20 941,3 | 25 024,2 | 22 118,7 | 25 703,2 | 94,7 | 97,4 |
| Ош областы | 36 391,5 | 38 168,2 | 36 373,4 | 38 156,9 | 100,0 | 100,0 |
| Жалал-Абад областы | 89 938,7 | 100 540,0 | 93 322,1 | 105 009,0 | 96,4 | 95,7 |
| Баткен областы | 45 919,0 | 47 796,7 | 45 867,8 | 47 837,5 | 100,1 | 99,9 |

Накталай акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2024-жылдын I чейрегинде 2023-жылдын I чейрегине салыштырганда төмөнкү региондор боюнча өскөн:

- Ысык-Көл областы боюнча – 0,1 пайызга;
- Талас областы боюнча – 0,9 пайызга;
- Нарын областы боюнча – 2,7 пайызга.

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




Накталай акчанын кайтарымдуулугунун кыйла жогору көрсөткүчү 2024-жылдын I чейреги ичинде Бишкек шаары боюнча – 101,0 пайыз, Ош областы боюнча – 100,0 пайыз жана Баткен областы боюнча – 99,9 пайыз чегинде катталган. Ал эми накталай акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча белгиленген – 94,7 пайыз.

Коммерциялык банктардын кассаларына накталай акчанын түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 1 185 768,6 млн сомду түзүү менен 2023-жылдын I чейрегине салыштырганда 15,2 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына накталай акчанын түшүүсү негизги булактар боюнча төмөнкүнү түзгөн:


- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 379 135,9 млн сомду, көбөйүү 8,7 пайызды түзгөн (2023-жылдын I чейрегинде – 348 925,4 млн сом);
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 53 033,8 млн сомду, көбөйүү 47,0 пайызды түзгөн (2023-жылдын I чейрегинде – 36 081,4 млн сом);
- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 243 920,6 млн сом, көбөйүү 16,0 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын I чейрегинде – 210 265,3 млн сом);
- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 40 363,2 млн сомду, азаюу 11,3 пайызды түзгөн (2023-жылдын I чейрегинде – 45 526,3 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 102 474,4 млн сомду, азаюу 10,7 пайызды түзгөн (2023-жылдын I чейрегинде – 114 740,2 млн сом);


- чет өлкө валютасын сатуудан – 172 453,5 млн сом, көбөйүү 50,0 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын I чейрегинде – 114 936,2 млн сом);

- каражаттар түшүүчү башка булактардан – 194 387,2 млн сом, көбөйүү 22,5 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын I чейрегинде – 158 722,6 млн сом).

**2-график. 2023-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2024-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген накталай акча 2024-жылдын I чейрегинде 1 189 789,3 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 16,5 пайызга көбөйгөн.

2024-жылдын I чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан төмөнкү негизги багыттар боюнча накталай акча берилген:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 385 011,8 млн сомду түзүп, 9,5 пайызга көбөйгөн (2023-жылдын I чейрегинде – 351 500,6 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөө – 58 679,1 млн сомду түзүп, 1,5 пайызга азайган (2023-жылдын I чейрегинде – 59 558,7 млн сом);

- банкоматтарды толуктоо – 323 186,4 млн сомду, көбөйүү 23,9 пайызды түзгөн (2023-жылдын I чейрегинде – 260 816,9 млн сом);

- локалдык акча которуулар үчүн төлөө – 32 121,4 млн сомду, азаюу 17,4 пайызды түзгөн (2023-жылдын I чейрегинде – 38 896,2 млн сом);


- товарлар үчүн төлөө – 6 853,4 млн сом, азаюу 44,4 пайыз чегинде белгиленген (2023-жылдын I чейрегинде – 12 318,1 млн сом);

- чет өлкө валютасын сатып алуу – 184 398,4 млн сом, көбөйүү 35,9 пайыз чегинде калыптанган (2023-жылдын I чейрегинде – 135 658,9 млн сом);


- эмгек акыны төлөө – 1 449,3 млн сом, көбөйүү 23,2 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын I чейрегинде – 1 176,1 млн сом);

- каражаттар берилүүчү башка булактар – 198 089,5 млн сом, көбөйүү 22,0 пайыз чегинде катталган (2023-жылдын I чейрегинде – 162 420,5 млн сом).

**4-график. 2023-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2024-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



**2. Накталай эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү**

**2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС)**

2024-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча ПКС аркылуу төлөмдөрдүн көлөмү 85 136,6 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 30,9 пайызга көбөйгөн. Төлөмдөрдүн саны 2 362 340 түзүү менен 2023-жылдын I чейрегине салыштырганда 12,8 пайызга көбөйгөн.

**2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**

ГСРРВ аркылуу төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2024-жылдын I чейрегинде 4 302 547,7 млн сомду түзгөн жана өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 39,0 пайызга көбөйгөн. Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу 292 709 төлөм жүргүзүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 42,1 пайызга өскөн.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2023-ж. I чейреги | 2 093 721 | 65 047,6 | 205 970 | 3 094 840,5 | 2 299 691 | 3 159 888,1 |
| 2024-ж. I чейреги | 2 362 340 | 85 136,6 | 292 709 | 4 302 547,7 | 2 655 049 | 4 387 684,3 |

**2.3. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр**

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү көбүнчө SWIFT билдирүүлөрүн жөнөтүү каналын пайдалануу менен өткөрүлгөн.

2024-жылдын I чейрегинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2 621,6 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырганда 1,4 эсеге көбөйгөн. Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 3 044,0 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырганда 1,4 эсеге өскөн.


**2.4. Акча которуулар**

2024-жылдын I чейреги ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 42,6 млрд сом суммасында 1 553,5 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 7,0 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 7,0 пайызга көбөйгөн.


Чыккан которуулардын саны 10,5 млрд сом жалпы суммасында 115,3 миң транзакцияны түзүү менен өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 33,1 жана 29,3 пайызга азайган.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча алганда 2024-жылдын I чейреги ичинде кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген: кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 32,6 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 71,7 пайызы.

**6-график. 2024-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**7-график. 2024-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




2024-жылдын I чейреги ичинде республиканын коммерциялык банктары тарабынан Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин которууларды финансылык камсыз кылуу талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төмөнкү төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган:

**- АКШ долларында акча которуулар**

2024-жылдын I чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 118,4 млн АКШ доллары суммасында 190,6 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 9,2 пайызга азайып, ал эми көлөмү 26,6 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 89,1 млн АКШ доллары суммасында 72,0 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 37,3 жана 19,2 пайызга азайган.

**- Евро түрүндө акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 7,5 млн евро жалпы суммасында 15,8 миң кирген которуулар ишке ашырылып, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 31,6 жана 9,0 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 2,1 млн евро жалпы суммасында 0,4 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны өзгөргөн эмес, ал эми анын көлөмү 7 эсе көбөйгөн.

**- Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 32 364,5 млн рубль суммасында 1 347,2 миң кирген которуу өткөрүлүп, өткөн жылга салыштырганда которуулардын саны 6,8 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 19,4 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулар боюнча 2 378,1 млн рубль суммасында 42,1 миң транзакция ишке ашырылган, көрсөткүчтөр өткөн жылга салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 13,6 жана 41,7 пайызга азайган.

**- Казак теңгесинде акча которуулар**

2024-жылдын I чейрегинде чыккан которуулар 148,1 млн теңге жалпы суммасында 0,9 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 33,4 жана 30,8 пайызга азайган. Казак теңгесинде кирген которуулар жүргүзүлгөн эмес.

**3-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2023-ж. I ч. | | 2024-ж. I ч. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| **Western Union** | **Кирген** | 52,8 | 1846,1 | 52,7 | 2359,1 |
| | **Чыккан** | 9,8 | 861,4 | 9,7 | 1017,3 |
| **Contact** | **Кирген** | 45,8 | 1119,5 | 33,7 | 1535,9 |
| | **Чыккан** | 17,5 | 959,4 | 19,5 | 996,2 |
| **Money Gram** | **Кирген** | 36,7 | 1614,9 | 39,7 | 1942,5 |
| | **Чыккан** | 2,8 | 563,5 | 1,8 | 265,8 |
| **Юнистрим** | **Кирген** | 376,3 | 9043,1 | 199,6 | 8032,3 |
| | **Чыккан** | 2,8 | 835,2 | 4,0 | 209,3 |
| **Золотая Корона** | **Кирген** | 1008,5 | 23570,7 | 298,1 | 12371,0 |
| | **Чыккан** | 120,4 | 7930,4 | 75,2 | 6366,2 |
| **RIA** | **Кирген** | 16,3 | 614,7 | 18,6 | 817,0 |
| | **Чыккан** | 0,6 | 37,1 | 0,6 | 32,9 |
| **UPT** | **Кирген** | 7,7 | 282,3 | 10,8 | 498,0 |
| | **Чыккан** | 9,1 | 4467,1 | 4,5 | 1613,7 |
| **Astrasend** | **Кирген** | 126,0 | 1704,7 | 895,3 | 14840,3 |
| | **Чыккан** | 0,0 | 0,0 | 0,002 | 0,0003 |
| **PLUSPAY** | **Кирген** | - | - | 0,3 | 19,3 |
| **Sendy** | **Кирген** | - | - | 4,9 | 162,5 |
| **Жыйынтыгында, системалар боюнча** | **Кирген** | 1670,2 | 39796,0 | 1553,5 | 42578,0 |
| | **Чыккан** | 163,1 | 15654,0 | 115,3 | 10501,4 |

## 2.5. Банктык төлөм карталар рыногу

2024-жылдын 31-мартына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» улуттук төлөм системасынын банктык төлөм карталарын эмиссиялоо жана

эквайринг боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү 21 коммерциялык банк, эл аралык төлөм системасы боюнча – 15 банк сунуштаган.

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карталарынын жалпы саны 7 466,6 миң картаны түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 28,4 пайызга өскөн.

Төлөм карталарын түрлөргө бөлүштүргөндө төмөнкүнү түзгөн:


| | |
|---|---|
| **- «Элкарт» улуттук системасы** | **3 530 190 (47,3%):** |
| - «Элкарт» | 3 526 100 (47,2%); |
| - «Элкарт-UPI» | 4 090 (0,1%). |
| **- эл аралык системалар** | **3 936 409 (52,7%):** |
| - VISA | 3 782 274 (50,6%); |
| - Mastercard | 43 256 (0,6%); |
| - Золотая Корона | 90 526 (1,2%); |
| - Union Pay International | 20 353 (0,3%). |

**4-таблица. Жүгүртүүдөгү карталардын областтар жана системалар боюнча саны**

| Региондун аталышы | Visa | Master Card | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Жыйынтыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 2 837 161 | 25 762 | 24 267 | 1 036 702 | 17 371 | 1 641 | 3 942 904 | 52,8 |
| Чүй областы | 159 119 | 5 496 | 13 829 | 324 489 | 665 | 724 | 504 322 | 6,8 |
| Ысык-Көл областы | 113 755 | 1 585 | 5 865 | 280 381 | 875 | 45 | 402 506 | 5,4 |
| Нарын областы | 36 220 | 1 169 | 5 591 | 168 829 | 33 | 332 | 212 174 | 2,8 |
| Талас областы | 50 400 | 1 535 | 4 416 | 131 523 | 333 | 84 | 188 291 | 2,5 |
| Жалал-Абад областы | 220 573 | 3 115 | 16 345 | 586 576 | 497 | 765 | 827 871 | 11,1 |
| Ош областы | 291 792 | 3 482 | 11 914 | 688 272 | 510 | 487 | 996 457 | 13,3 |
| Баткен областы | 73 254 | 1 112 | 8 299 | 309 328 | 69 | 12 | 392 074 | 5,3 |
| **Жыйынтыгында** | **3 782 274** | **43 256** | **90 526** | **3 526 100** | **20 353** | **4 090** | **7 466 599** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстар топтолгон эң жогорку көрсөткүчкө ээ жана демек төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу мында кыйла өнүккөн. Алсак, 2024-жылдын I чейрегинин ичинде карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү көбүрөөк үлүш 52,8 пайызды түзүү менен Бишкек шаарына туура келген. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областында – 2,5 пайызды чегинде катталган.

2024-жылдын I чейрегинде карталарды колдонуу менен эсептешүүлөр системалары боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 108,3 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 68,2 пайызга өскөн.



8-график. 2024-ж. 31-мартына карата областтар боюнча (%)



9-график. 2024-ж. I чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана саны (миң.сом)

**Банктык төлөм карталар эквайринги**

2024-жылдын I чейрегинин акырына карата банктык төлөм карталары, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм картасы, республика боюнча орнотулган 2 342 банкоматта жана 25 962 POS-терминалдарда тейлөөгө кабыл алынган.

2 342 банкоматтын ар биринде «карабай терүү» баскычы бар (5-саны томпок), 276 банкоматта – аудио (үн) менен коштоо (операцияларды үн менен коштоо) функциясы каралган, 1 184 банкомат үчүн пандус орнотулган, 834 банкомат үчүн пандус орнотуу

зарылдыгы жок, 324 жабдуу үчүн пандус орнотулган эмес. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 11,8 пайызга же 248 банкоматка көбөйгөн, ал эми 2024-жылдын башталышынан бери 3,6 пайызга же 82 бирдикке өсүш катталган.

25 962 POS-терминалдын ичинен 12 002 «карабай терүү» баскычы бар (5-саны томпок), 23 580 POS-терминалда – байланышсыз төлөө функциясы каралган. Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда POS-терминалдардын саны 54,6 пайызга же 9 175 даанага көбөйдү, ал эми 2024-жылдын башталышынан бери 12,8 пайызга же 2 953 бирдикке көбөйгөн. 2024-жылдын 31-мартына карата төлөм терминалдарынын саны 2 865 бирдикти түзөт, алардын ичинен 869 төлөм терминалында аудио (үн) менен коштоо функциясы бар, 1 996 төлөм терминалында аудио (үн) менен коштоо функциясы жок, 1 266 төлөм терминалында пандус бар, 532 төлөм терминалында пандус жок. Төлөм терминалдарынын саны 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 19,1 пайызга же 460 бирдикке көбөйгөн, ал эми өтүп жаткан жылдын үч айы ичинде 3,2 пайызга же 90 бирдикке өсүш катталган.

Банктык төлөм карталарын колдонуу менен эсептешүүлөрдүн эл аралык төлөм системасын тейлеген POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны төмөнкүнү түзгөн:

- VISA жана Mastercard эл аралык системалары – 822 банкомат жана 8 613 POS-терминал;
- «Золотая Корона» эл аралык системасы – 302 банкомат жана 6 659 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы – 451 банкомат жана 4 789 POS-терминал.

**5-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны** (даана)

| **Региондун аталышы** | **Банкоматтар** | **POS-терминалдар** | | **Төлөм терминалдары** |
|---|---|---|---|---|
| | | **Соода-тейлөө ишканаларында** | **Банктарда** | |
| Бишкек ш. | 837 | 14 189 | 784 | 786 |
| Чүй областы | 255 | 2 480 | 255 | 275 |
| Ысык-Көл областы | 227 | 1 745 | 245 | 355 |
| Нарын областы | 87 | 445 | 157 | 145 |
| Талас областы | 93 | 626 | 102 | 154 |
| Жалал-Абад областы | 332 | 1 172 | 366 | 398 |
| Ош областы | 383 | 2 256 | 468 | 560 |
| Баткен областы | 128 | 505 | 167 | 192 |
| **Жыйынтыгында:** | **2 342** | **23 418** | **2 544** | **2 865** |

**Банктык төлөм карталарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

2024-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча карта колдонуу менен жалпы 304,0 млрд сом суммасына 57,9 млн транзакция жүргүзүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 76,7 жана 36,2 пайызга көбөйгөн, ал эми 2024-жылдын башталышынан бери транзакциялардын саны 0,9 пайызга төмөндөп, көлөмү 34,8 пайызга өскөн). Алардын ичинен:


- акча каражаттарын накталай акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 249,2 млрд сом жалпы суммасында 21,7 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 0,5 пайызга, ал эми көлөмү 82,3 пайызга көбөйгөн, ал эми өтүп жаткан жылдын үч айы ичинде транзакциялардын саны 8,4 пайызга төмөндөп, көлөмү 42,2 пайызга өскөн;

- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны жалпы 54,8 млрд сом суммасына 36,2 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 73,2 пайызга, ал эми көлөмү – 55,2 пайызга өскөн, 2024-жылдын башталышынан тартып өсүш, тиешелүүлүгүнө жараша – 4,3 жана 8,9 пайызды түзгөн.

## 2.6. QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү

2024-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча 20 банк (23[1] банктын ичинен) жана 5 төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары системалар аралык интеграцияны камсыз кылууда жана QR-коддор аркылуу төлөмдөр жана которуулар боюнча кызматтарды сунуштоодо.

**10-график. 2024-жылдын 1-апрелине карата QR-коддору региондук өнүктүрүү**




Системалар аралык интеграциянын алкагында 2024-жылдын I чейрегинин акырына карата банктар жана төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары тарабынан соода-тейлөө ишканаларында, анын ичинде Кыргыз Республикасынын региондорунда да 48,5 миң QR-код орнотулган.

2024-жылдын I чейрегинде өз ара иш алып баруу оператору[2] системасы аркылуу 3,9 млрд сом суммасына 3 933 361 төлөм өткөрүлгөн, 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 92,4 жана 42,7 эсеге өскөн, алардын ичинен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн – 57,3 млн сом суммасына 20 542 төлөм ишке ашырылган, 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу өсүш, тиешелүүлүгүнө жараша, 4,4 жана 6,7 эсеге өскөн.

**6-таблица. 2024-жылдын I чейреги ичинде өз ара иш алып баруу оператору системасы аркылуу жүргүзүлгөн операциялар**

| Көрсөткүчтөр | 2023-ж. I чейреги | 2024-ж. I чейреги |
|---|---|---|
| Саны | 42 561 | 3 933 361 |
| Көлөмү, млн сом | 91,28 | 3 901,23 |
| Мамлекеттик төлөмдөрдүн саны | 4 611 | 20 542 |
| Мамлекеттик төлөмдөрдүн көлөмү, млн сом | 8,6 | 57,3 |

2024-жылдын I чейрегинде банктар, төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу төмөнкү операциялар ишке ашырылган:

**7-таблица. QR-коддорду колдонуу менен которуулар**

| Катышуучунун категориясы | Өз системасында | | | | Системалар аралык | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023-ж. I чейреги | | 2024-ж. I чейреги | | 2023-ж. I чейреги | | | | 2024-ж. I чейреги | | | |
| | | | | | Кирген | | Чыккан | | Кирген | | Чыккан | |
| | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом |
| Коммерциялык банктар | 98 435 | 183 424 277 | 3 768 936 | 735 615 837 | 6 627 | 34 618 773 | 4 932 | 30 657 279 | 143 440 | 476 568 261 | 353 728 | 995 644 483 |
| Төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары | 20 | 2 400 | 480 | 237 208 | 0 | 0 | 0 | 0 | 843 | 580 208 | 418 205 | 145 294 234 |
| Жыйынтыгында | 98 455 | 183 426 677 | 3 769 416 | 735 853 045 | 6 627 | 34 618 773 | 4 932 | 30 657 279 | 144 283 | 477 148 469 | 771 933 | 1 140 938 717 |

[1] Үч банк «ЭЛКАРТ» улуттук төлөм системасынын мүчөлөрү болуп саналбайт.

[2] Өз ара иш алып баруу оператору – үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматты (процессинг, клиринг) кабыл алуу, иштеп чыгуу жана төлөм системасынын, ошол процессинг, клиринг борборунун катышуучуларына берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоого Улуттук банктын лицензиясына ээ, төлөм системасынын катышуучулары менен техникалык өз ара иш алып барууну жана QR-кодду колдонуу менен төлөмдөр боюнча акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн клиринг файлдарынын түзүлүшүн камсыз кылган төлөм системасынын оператору.

**8-таблица. QR-коддорду колдонуу менен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө**

| Катышуучунун категориясы | Өз соода-тейлөө ишканаларынын пайдасына (чыг.) | | | | Алардын ичинен бюджетке төлөмдөр | | | | Системалар аралык төлөмдөр | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023-ж. I чейреги | | 2024-ж. I чейреги | | 2023-ж. I чейреги | | 2024-ж. I чейреги | | 2023-ж. I чейреги | | | | 2024-ж. I чейреги | | | |
| | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Кирген | | Чыккан | | Кирген | | Чыккан | |
| | | | | | | | | | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом |
| Коммерциялык банктар | 1 090 | 7 608 384 | 84 250 | 120 820 044 | 1 263 | 1 240 056 | 16 337 | 61 029 480 | 7 165 | 12 337 043 | 30 369 | 46 051 905 | 1 468 950 | 1 765 708 718 | 2 650 742 | 2 053 535 924 |
| Төлөм системасынын операторлору / төлөм уюмдары | 184 147 | 134 623 284 | 1 212 990 | 920 607 689 | 0 | 0 | 5 | 10 817 | 22 294 | 15 214 209 | 1 689 | 1 817 733 | 2 121 868 | 1 342 195 588 | 193 400 | 168 696 479 |
| Жыйынтыгында | 185 237 | 142 231 668 | 1 297 240 | 1 041 427 733 | 1 263 | 1 240 056 | 16 342 | 61 040 297 | 29 459 | 27 551 252 | 32 058 | 47 869 638 | 3 590 818 | 3 107 904 306 | 2 844 142 | 2 222 232 403 |

## 2.7. Электрондук акча


2024-жылдын I чейрегинин акырына карата алты коммерциялык банк электрондук акча эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча он локалдык система иштеген.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугу менен байланыштуу. Алсак, электрондук капчыктардын жалпы саны 6,8 млн капчыкты түзүү менен 4,3 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч 20,2 пайызга жогорулаган), алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 2,7 млн (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 40,6 пайызы) түзгөн.

2023-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 36,2 пайызга көбөйүп, 7,7 млрд сомду түзгөн, которуулардын саны 4,2 млн операцияны түзүү менен 2 эсеге көбөйгөн;
- электрондук акчанын ордун жабуу боюнча операциялардын көлөмү 88,6 пайызга көбөйүп, 5,7 млрд сомду, ошондой эле операциялардын саны 1,1 млн операцияны түзүү менен 2 эсеге көбөйгөн;
- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 35,5 пайызга көбөйүп, 8,4 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 91,3 пайызга көбөйүп, 8,2 млн операция чегинде катталган;
- электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаны таратуу боюнча операциялардын саны жана көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 79,1 жана 31,2 пайызга жогорулап, 10,2 млрд сомго 4,5 млн операцияны түзгөн.

**11-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (млн бирдик)**




**12-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү**




2023-жыл жана 2024-жыл үчүн салыштырма маалымат төмөндө келтирилген:

**9-таблица. Электрондук капчыктардын саны боюнча салыштырма маалымат**

| Электрондук капчыктардын саны (млн) | 2023-ж. IV чейрегинин акырына карата | 2024-ж. I чейрегинин акырына карата | Өсүш |
|---|---|---|---|
| **Электрондук капчыктардын жалпы саны** | 6,5 | 6,8 | 4,3% |
| **Идентификацияланган электрондук капчыктар** | 2,7 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 42,1%) | 2,7 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 40,6%) | 0,8% |

**10-таблица. Электрондук капчыктарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча салыштырма маалымат**

| Операциялардын аталышы | Өлчөө бирдиги | 2023-ж. IV чейреги | 2024-ж. I чейреги | Салыштыруу |
|---|---|---|---|---|
| **Которуулар** | саны (млн) | 3,3 | 4,2 | 28,0% |
| | көлөмү (млрд) | 7,4 | 7,7 | 4,7% |
| **Электрондук акчанын ордун жабуу** | саны (млн) | 1,0 | 1,1 | 15,3% |
| | көлөмү (млрд) | 3,7 | 5,7 | 52,4% |
| **Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө** | саны (млн) | 6,8 | 8,2 | 20,9% |
| | көлөмү (млрд) | 8,9 | 8,4 | -5,7% |
| **Электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаларды таратуу** | саны (млн) | 3,6 | 4,5 | 25,1% |
| | көлөмү (млрд) | 9,8 | 10,2 | 4,1% |

### 2.8. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2024-жылдын 31-мартына карата 31 юридикалык жак Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиясына ээ жана 32 юридикалык жак төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиясына ээ.

2024-жылдын I чейрегинде төлөм уюмдары аркылуу жалпы 111,7 млрд сом суммасына 64,9 млн транзакция өткөрүлгөн. 2023-жылдын I чейрегине салыштырмалуу төлөмдөрдүн жалпы саны 9,6 млн транзакцияга, ал эми төлөмдөрдүн көлөмү 40,6 млрд сомго көбөйгөн.

Отчеттук мезгилде төлөмдөрдүн олуттуу бөлүгү финансы-кредит уюмдарынын кызматтары үчүн төлөмдөргө туура келген (электрондук капчыктарды толуктоону кошпогондо) – бул жалпы 78,1 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 70 пайызы) 19,3 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 29,8 пайызы) түзгөн. Алардын ичинен:

- банк эсебин толуктоо боюнча 54,2 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 48,5 пайызы) 11,1 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 17,2 пайызы) өткөрүлгөн;
- финансы-кредит уюмдарынын кредиттери үчүн төлөөнүн эсебинен төлөмдөр – 6,4 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 5,7 пайызы) 1,3 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 2,1 пайызы) өткөрүлгөн;
- башка банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдасына - 17,5 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 15,7 пайызы) 6,8 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 10,5 пайызы) өткөрүлгөн.

Мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү 7,0 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 6,3 пайызы) 19,3 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 29,8 пайызы) өткөрүлгөн.

Мамлекеттик жана коммуналдык товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул, мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр) 5,8 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 5,2 пайызы),

ал эми төлөмдөрдүн саны 5,1 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 8,0 пайызы) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 10,2 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 9,1 пайызы), транзакциялардын саны 5,9 млн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 9,0 пайызы) түзгөн.

**11-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| № | Төлөмдүн түрү | **Саны** *(бирдик)* | **Үлүшү** *(%)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Үлүшү** *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш | 19 339 617 | 29,8% | 6 998 063,62 | 6,3% |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 28 938 | 0,0% | 9 120,67 | 0,0% |
| 3 | Интернет | 733 031 | 1,1% | 649 587,91 | 0,6% |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 4 772 348 | 7,4% | 5 385 895,23 | 4,8% |
| 5 | Салык жыйымдары | 11 969 | 0,0% | 18 395,08 | 0,0% |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул | 189 566 | 0,3% | 223 549,18 | 0,2% |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 198 846 | 0,3% | 162 737,35 | 0,1% |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 11 178 548 | 17,2% | 54 204 112,69 | 48,5% |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 1 334 225 | 2,1% | 6 395 528,78 | 5,7% |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 6 834 028 | 10,5% | 17 535 649,19 | 15,7% |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 5 852 367 | 9,0% | 10 181 601,65 | 9,1% |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 291 731 | 0,4% | 500 120,53 | 0,4% |
| 13 | Социалдык тармактар | 747 798 | 1,2% | 353 541,84 | 0,3% |
| 14 | Интернет оюндары | 25 903 | 0,0% | 14 118,29 | 0,0% |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 105 296 | 0,2% | 263 119,49 | 0,2% |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 5 276 732 | 8,1% | 821 662,30 | 0,7% |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 92 283 | 0,1% | 41 299,26 | 0,0% |
| 18 | Кулактандыруулар | 24 083 | 0,0% | 20 534,27 | 0,0% |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 998 | 0,0% | 646,69 | 0,0% |
| 20 | Билим берүү | 113 366 | 0,2% | 377 533,06 | 0,3% |
| 21 | Туристтик сапарлар | 14 859 | 0,0% | 19 965,95 | 0,0% |
| 22 | Башка төлөмдөр | 7 738 391 | 11,9% | 7 497 225,73 | 6,7% |
| **Жыйынтыгында, 2024-жылдын I чейреги ичинде** | | 64 905 923 | 100% | 111 674 008,75 | 100% |

**13-график. Төлөмдөрдүн саны, %**




**14-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %**




Төлөм уюмдары тарабынан 2023-2024-жылдардын I чейректери жана 2022-2023 жылдары ичинде жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн санынын жана көлөмүнүн көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү тенденциясы ушул отчетко карата 1 жана 2-тиркемелерде келтирилген.

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу) жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2024-жылдын I чейрегинин аягына карата төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 1,4 эсеге көбөйүп, 15 835 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

Алар аркылуу төлөм уюмдары товарларды/кызматтарды сунуштоочулар өз кардарларына (абоненттерине) мурда салынган авансык каражаттарды/алдын ала төлөнгөн каражаттарды же алардын бөлүктөрүн кайтарып берүүнүн эсебинен төлөмдөрдү кабыл алууну жана өткөрүүнү жүзөгө ашырылган, агенттердин катталган мобилдик тиркемелеринин саны (мындан ары – мобилдик тиркемелер) отчеттук мезгилдин акырына карата 7 147 635 агенттик мобилдик тиркемени түзгөн (бул 2023-жылдын ушул эле отчеттук мезгилинин акырындагы көрсөткүчтөрдөн 1,5 эсеге жогору), алардын ичинен идентификациялоо жана верификациялоодон өткөндөрдүн саны 2 286 699 колдонуучу/мобилдик тиркемени түзгөн (бул 2023-жылдын ушул эле отчеттук мезгилинин акырындагы көрсөткүчтөрдөн 1,6 эсеге жогору).

### 2.9. Банктык чекене агенттер

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттерди төлөө, банктык эсепти толуктоо, банктык карталардан накталай акча каражаттарын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2024-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүнү түзгөн:

- 143 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда алардын саны 22 агентке же 18,2 пайызга көбөйгөн.

- 3 333 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда алардын саны 517 агентке же 18,4 пайызга көбөйгөн.

**2.10. Коммерциялык банктардын төлөм кызматтары үчүн тарифтери**

Төлөм кызматтарына тарифтер коммерциялык банктар тарабынан ички өнүктүрүү стратегиясына жана рыноктун конъюнктурасына ылайык, корпоративдик кардарлар, жеке ишкерлер, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн валютанын түрү (улуттук, чет өлкө валютасы) боюнча белгиленет.

2024-жылдын 1-апрелине карата коммерциялык банктардын төлөм кызматтарына минималдуу жана максималдуу тарифтер боюнча маалыматта 23 коммерциялык банктын маалыматы камтылат (2023-жылдын ушул эле мезгилинде да маалыматтар 23 коммерциялык банк тарабынан берилген).

**12-таблица. Эсептешүү-кассалык тейлөөгө тарифтер** (сом менен)

| **Кызматтын түрлөрү** | **Жеке адамдар** | | | | **Юридикалык жактар** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Улуттук валюта | | Чет өлкө валютасы | | Улуттук валюта | | Чет өлкө валютасы | |
| | мин. | макс. | мин. | макс. | мин. | макс. | мин. | макс. |
| Эсеп ачуу | 0 | 1 000 | 0 | 800 | 0 | 10 000 | 0 | 10 000 |
| Эсепти тейлөө (1 жылга) | 0 | 500 | 0 | 500 | 0 | 1 000 | 0,00 | 1 000 |

**13-таблица. Банктык төлөм карталарын тейлөөгө тарифтер**

| **Кызматтын түрлөрү** | **«ЭЛКАРТ» улуттук системасынын банктык төлөм карталары** | **Эл аралык төлөм системаларынын (VISA, Mastercard жана ж. б.) банктык төлөм карталары** | |
|---|---|---|---|
| | улуттук валютада | улуттук валютада | чет өлкө валютасында |
| Карталарды берүү | 0дөн 5 000 сомго чейин | 0дөн 60 000 сомго чейин | 0дөн 6 263 сомго чейин |
| Жылдык тейлөө үчүн комиссия | 0дөн 1 695 сомго чейин | 0дөн 22 800 сомго чейин | 0дөн 26 841 сомго чейин |
| Картаны чыгарган банктын инфраструктурасынан накталай акча чыгаруу | суммадан 0дөн 0,6 пайызга чейин | суммадан 0дөн 1,5 пайызга чейин | суммадан 0дөн 5 пайызга чейин |
| Башка банктардын инфраструктураларынан, анын ичинде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары накталай акча чыгаруу | суммасынан 0 дөн 1,5 пайызга чейин | суммасынан 0дөн 2 пайызга чейин | 0 пайыздан 5 пайызга чейин суммадан |

**14-таблица. Эсеп ачпастан эл аралык акча которуу системалары аркылуу акча которуулар боюнча тарифтер**

| **Акча которуу системасы** | Мин. (суммадан %) | Макс. (суммадан %) |
|---|---|---|
| Western Union | 0 | 4,0 |
| Contact | 0 | 3,0 |
| Money Gram | 0 | 2,5 |
| «Золотая корона» | 0 | 3,0 |
| unistream эл аралык | 0 | 3,0 |
| RIA | 0 | 3,0 |
| UPT | 0 | 2,0 |
| Astrasend | 0 | 3,0 |
| PLUSPAY | 0 | 1,2 |
| Faster | 0 | 2,0 |

**15-таблица. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр системасы боюнча акча которуу кызматтарына тарифтер**

| Кызматтын түрлөрү | Мин. (% менен) | Макс. (% менен) |
|---|---|---|
| SWIFT системасы боюнча которуулар | 0 | 0,65 |

**3. Методологиялык иш**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы ченемдик укуктук актыларын өркүндөтүү максатында, 2024-жылдын 27-мартында № 2024-П-14/13-7-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 31-мартындагы № 2023-П-14/21-2-(ПС) «Эсептешүү банкына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому бекитилген. Өзгөртүүлөр өз ара эсептешүүлөрдүн гарантияланышын камсыз кылуу үчүн Эсептешүү банкына карата анын функциялары жана милдеттери боюнча талаптарды жакшыртуу максатында киргизилген.

Төмөнкү токтом долбоорлору коомдук талкууга коюлду:

- «Региональные платежные системы» ЖЧКда атайын жөнгө салуу режими ийгиликтүү аяктагандан кийин иштелип чыккан «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»;
- керектөөчүлөрдүн укугун коргоонун алкагында иштелип чыккан «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76/8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом долбоору.

Эскертүү: Жогоруда келтирилген маалыматтар коммерциялык банктар, төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары корректировкаларды киргизген шартта өзгөрүшү мүмкүн.

1-тиркеме. 2023-жыл жана 2022-жыл ичинде төлөм уюмдары тарабынан ишке ашырылган төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2023-ж. | | 2022-ж. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* |
| 1 | Мобилдик байланыш | 104 208 650 | 40 541 963,41 | 117 384 770 | 36 203 901,38 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 118 081 | 35 972,91 | 168 741 | 44 036,87 |
| 3 | Интернет | 2 736 698 | 2 399 276,68 | 2 519 377 | 2 206 739,30 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 14 552 034 | 11 142 318,84 | 11 200 183 | 7 530 041,48 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 75 429 | 109 930,38 | 99 553 | 136 890,18 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 700 692 | 828 009,48 | 296 292 | 201 445,18 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 612 827 | 541 759,02 | 438 080 | 347 495,02 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 26 836 938 | 116 441 317,50 | 12 888 851 | 50 012 878,38 |
| 9 | ФКУлардын кредиттери үчүн төлөм | 3 823 186 | 18 108 633,36 | 2 234 717 | 8 852 731,62 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 30 802 673 | 125 807 291,23 | 9 790 740 | 40 113 528,37 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 15 467 820 | 33 101 197,77 | 11 925 529 | 25 520 769,38 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 874 546 | 1 491 260,67 | 540 043 | 1 027 428,50 |
| 13 | Социалдык тармактар | 1 025 965 | 463 284,82 | 84 339 | 52 981,56 |
| 14 | Интернет оюндары | 72 839 | 34 758,87 | 76 421 | 32 946,64 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 27 925 | 52 212,92 | 215 170 | 207 348,37 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 15 754 495 | 2 647 793,12 | 8 012 592 | 1 161 122,32 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 366 056 | 168 494,60 | 269 427 | 115 686,27 |
| 18 | Кулактандыруулар | 140 572 | 85 324,60 | 147 451 | 85 716,24 |
| 19 | Кайрымдуулук | 9 051 | 3 404,53 | 9 656 | 3 448,74 |
| 20 | Билим берүү | 371 189 | 1 061 167,01 | 228 725 | 495 116,67 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 48 914 | 139 113,72 | 24 099 | 130 144,41 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 16 607 838 | 24 662 297,69 | 7 685 293 | 12 858 728,73 |
| **Жыйынтыгында** | | 235 178 205 | 379 867 777,75 | 186 240 049 | 187 341 025,60 |

2-тиркеме. 2023-жылдын жана 2024-жылдын I чейрегинде төлөм уюмдары тарабынан ишке ашырылган төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2024-ж. I чейреги | | 2023-ж. I чейреги | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* |
| 1 | Мобилдик байланыш | 19 339 617 | 6 998 063,62 | 30 245 983 | 11 550 453,56 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 28 938 | 9 120,67 | 29 709 | 9 083,46 |
| 3 | Интернет | 733 031 | 649 587,91 | 677 341 | 597 478,81 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 4 772 348 | 5 385 895,23 | 3 283 668 | 3 580 500,05 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 11 969 | 18 395,08 | 8 791 | 18 314,34 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 189 566 | 223 549,18 | 98 113 | 75 687,06 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 198 846 | 162 737,35 | 107 616 | 91 979,90 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 11 178 548 | 54 204 112,69 | 4 273 934 | 17 541 798,75 |
| 9 | ФКУлардын кредиттери үчүн төлөм | 1 334 225 | 6 395 528,78 | 766 818 | 3 333 613,38 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 6 834 028 | 17 535 649,19 | 5 563 431 | 21 253 194,14 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 5 852 367 | 10 181 601,65 | 3 082 589 | 6 721 921,80 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 291 731 | 500 120,53 | 176 592 | 313 662,63 |
| 13 | Социалдык тармактар | 747 798 | 353 541,84 | 86 897 | 38 194,28 |
| 14 | Интернет оюндары | 25 903 | 14 118,29 | 11 011 | 5 012,12 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 105 296 | 263 119,49 | 2 170 | 4 044,51 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 5 276 732 | 821 662,30 | 3 399 708 | 488 804,05 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 92 283 | 41 299,26 | 80 148 | 36 236,83 |
| 18 | Кулактандыруулар | 24 083 | 20 534,27 | 35 516 | 21 272,36 |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 998 | 646,69 | 3 162 | 1 526,74 |
| 20 | Билим берүү | 113 366 | 377 533,06 | 69 531 | 195 071,17 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 14 859 | 19 965,95 | 6 898 | 28 660,73 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 7 738 391 | 7 497 225,73 | 3 278 278 | 5 240 793,26 |
| **Жыйынтыгында** | | 64 905 923 | 111 674 008,75 | 55 287 904 | 71 147 303,92 |